КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

24 марта 2022 № 47-о                                        г. Кара-Балта

**2021 - 2022 - окуу жылында Жайыл районунун жалпы билим берүү уюмдарынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

Жайыл районунун бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында 2021 - 2022 - окуу жылын уюшкандыкта аяктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022–жылдын 3-мартындагы № 264/1 буйругунун негизинде жана **буйрук кылам:**

1. 2021 - 2022 - окуу жылы Жайыл районундагы бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүүчү уюмдарында 2022 - жылдын 8 - июнунда аяктасын.
2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү бекитилсин:

2.1. Окутуу кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын IX класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11 - июндан 22-июнга чейин *беш* сабактан (анын ичинен төрт милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн:

- математикадан (алгебрадан) комплекстүү тест -11- июнда;
- эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама- 14 - июнда;
- кыргыз тилинен (орус тилинде окутулган класстарда) жана орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест -20 - июнда;
- Кыргызстандын тарыхынан(оозеки) - 17- июнда
- Окуучулардын тандоосу боюнча сабактан жана гуманитардык багыттагы жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган жана айрым предметтерди тереңдетип окуткан жалпы билим берүү уюму жана гимназия мектептери өзү белгилейт.

2.2. Окутуу кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын XI класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11 - июндан 23 - июнга чейинки убакытта беш милдеттүү сабак (анын ичинен төрт милдеттүү, бир тандоо боюнча) өткөрүлсүн:

- эне тили жана адабиятынан (эссе) - 11- июнда;
- математикадан(алгебрадан) комплекстүү тест - 14 - июнда;

- кыргыз тилинен (орус тилинде окутулган класстарда) жана (же) орус тилинен (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда) комплекстүү тест - 17 -июнда;
- Кыргызстандын тарыхынан(оозеки) - 20-июнда;
- Окуучулардын тандоосу боюнча жана гуманитардык багыттагы жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган жана айрым предметтерди терендетип окуткан жалпы билим берүү уюму жана гимназия мектептери өзү белгилейт.

3. IX ,XI – класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022-жылдын 30-майына баштап 7-июнга чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясы боюнча зачет өткөрүлсүн;

4. Негизги мамлекеттик жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы саат 9.00 дө башталат деп белгиленсин.

5. Жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине:

5.1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча даярдыктын жүрүшүндө мугалимдерге усулдук жардам берилсин;

5.2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүлүшүнө жана жыйынтыктарын жалпылаштырууга көзөмөл жүргүзсүн.

6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жетектөөчү адис А.Кыдыковага жүктөлсүн.

**Башчынын МА** **Э.Султанкулова**

Копия верна
ОК

Сканировано с CamScanner